**Байланыш кызматтарын көрсөтүү тууралуу КЕЛИШИМ**

_______________ 20__ ж.
*(келишим түзүлгөн жери)*

***Өздүк эсеп №***

**Тейлөө формасы**

**Жашырын сөз** ________________________________

**"Альфа Телеком" ЖАК**, мындан ары **"Оператор"** деп аталуучу, 20__ -жылдын "__"________ №_______ ишеним катынын негизинде иш алып баруучу ыйгарым укуктуу өкүлү _________________________________ аркылуу бир тараптан, жана мындан ары "Кардар" деп аталуучу

______________________________________________ ,

______________________________________________ негизинде иш алып баруучу ___________________________арkылуу экинчи тараптан, биргелешип "Тараптар" деп аталуу менен төмөндөгүлөр тууpасында ушул Келишимди түзүштү:

**Келишимдин предмети жана жалпы шарттары**

1.1. Келишимде колдонулуучу терминдердин түшүндүрмөлөрү: «Кардар» – аны менен Келишим түзүлгөн, бул максаттар үчүн ага бир же бир нече абоненттик номер, ал эми тейлөөнүн корпоративдик формасында бештен кем эмес абоненттик номер бөлүнүп берилген юридикалык жак же жеке ишкер; Кардарларды тейлөө корпоративдик формада – Корпоративдик жана VIP-кардарлар менен иш алып баруу бөлүмүндө, ал эми жеке формада – Сатуу жана тейлөө борборунда жана Компаниянын фирмалык салондорунда ишке ашырылат; "Корпоративдик кардар" – Абонент болуп саналган, Оператор менен байланыш кызматтарын көрсөтүү келишимин түзгөн жана корпоративдик топтун колдонуучуларынын милдеттүү эсебин өз алдынча жүргүзүүчү юридикалык жак же жеке ишкер. Жекелештирүү (каттоо) – Оператордун маалымат базасына Кардар тарабынан берилген Колдонуучу жөнүндө идентификациялык маалыматтарды киргизүүнүн жол-жобосу жана тартиби. «Корпоративдик топтун колдонуучусу» – жекелештирүү (каттоо) жол-жобосун ийгиликтүү өткөн жана ушул Келишим боюнча Кардарга берилген абоненттик номер жана SIM-карта аркылуу мобилдик радиотелефон байланышынын кызматтарын иш жүзүндө колдонгон жеке жак. «Байланыш кызматтары» – Операторго берилген лицензиянын талаптарына шайкеш Кардарга көрсөтүлүүчү көчмө радиотелефон байланыш кызматтары, телематикалык кызматтар, маалымат өткөрүү тармактарындагы кызматтар жана башка кызматтар; жеке маалыматтарды «Тарифтик план» – Оператор бир же бир нече байланыш кызматын пайдаланууну сунуш кылган баа шарттарынын жыйындысы; Топтом — белгилүү бир мезгил ичинде белгиленген көлөмдө, белгилүү шарттарда жана өзүнчө абоненттик төлөм үчүн оператор тарабынан көрсөтүлүүчү байланыш кызматтарынын жыйындысы. «Кошумча кызматтар» – байланыш кызматтары менен байланыштуу болуп, алардын керектөө баалуулугун жогорулатууга багытталган, оператор менен түзүлгөн макулдашуулардын алкагында оператор же үчүнчү жактар тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтар; «Тарифтик опциялар» – Кардардын тарифтик планына карата милдеттүү болбогон, тарифтин белгиленген чондугун белгилеген, кошуунун өзүнчө наркына жана абоненттик акыга ээ болгон, көлөмдү чектөөсүз же кызматтардын белгиленген көлөмүнүн алкагында колдонулуучу кызмат көрсөтүүлөр; «Терминалдык жабдуу» (абоненттик терминал) — абоненттин/колдонуучунун жана көчмө радиотелефон байланыш тутумунун бири-бири менен өз ара аракеттенүүсүнө мүмкүнчүлүк түзүүчү, байланыш тармагына туташтырылуучу техникалык түзмөк. «Абоненттик номер» — көчмө радиотелефон байланыш кызматтарын көрсөтүү келишимин түзүүдө (анын колдонуу мөөнөтүнүн ичинде) абонентке пайдалануу үчүн берилүүчү жана ага башка абоненттик терминалдарды туташтырууда байланыш операторунун тармагына кошулган абоненттик терминалдарды идентификациялоочу номер. «SIM-карта» — абоненттин идентификациялык электрондук модулу, ал байланыш операторунун тармагына кирүү мүмкүнчүлүгүн, ошондой эле бөлүнгөн абоненттик номерди уруксатсыз колдонуудан коргоону камсыз кылат. Абонент жөнүндө маалымат» – жеке ишкер үчүн – фамилиясы, аты, атасынын аты (эгерде болсо), инсандыгын тастыктоочу документтин маалым даректери, юридикалык жак үчүн – аталышы, электрондук же кагаз түрүндөгү мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүк (маалымкат), жетекчинин фамилиясы, аты, атасынын аты (бар болсо), жайгашкан жери (юридикалык/иш жүзүндөгү дареги). «Өздүк эсеп» – Карадардын өздүк номери, Оператордун эсептешүүлөрүнүн автоматтык тутумунда катталган жана бир абоненттик номер же абоненттик номерлердин тобу боюнча көрсөтүлгөн кызматтардын көлөмүн, кызматтарды төлөө эсебине келишим боюнча киргизилген акча каражаттарынын келип түшүүсүн жана чыгымдалышын эсепке алуу үчүн кызмат кылат. 1.2. Оператор сунуш кылат, ал эми Кардар байланыш кызматтарын кабыл алат жана алар үчүн төлөм жүргүзөт.

1.3. Байланыш кызматтарын көрсөтүүнүн шарттары, наркы жана тизмеси Оператор тарабынан Тарифтик планда, топтомдо, http://www.mega24.kg. расмий сайтында (корпоративдик колдонуучулар үчүн административдик кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеси) көрсөтүлгөн тарифтик опциялардын жана/же кошумча кызматтардын шарттарында аныкталат.

1.4. Байланыш кызматтары тууралуу маалымат Оператор же үчүнчү жактар тарабынан Оператордун же үчүнчү жактардын веб-сайттарында жана массалык маалымат каражаттарында же аталган кызматтар тууралуу жарнамалык материалдарда жалпы жарыя-сунуш катары жайгаштырылат жана Оператордун кеңсесинде/сатуу жана төлөө борборлорунда берилет.

1.5. Кардардын жазуу жүзүндөгү арызынын негизинде же белгиленген номерди терүү аркылуу тапшырык кылынган кызматтардан пайдалануусу, Кардардын тарифтик план, топтом жана/же тарифтик опция боюнча байланыш кызматтарын көрсөтүүнүн шарттарына, аталган кызматтардан пайдаланууга жана пайдалангандыгы үчүн тиешелүү төлөм жүргүзүүгө макул экендигин билдирет.

1.6. Оператордун автоматташтырылган эсептешүү тутумунда Кардарга өздүк эсеп (эсептер) ыйгарылат. Ушул Келишимдин аракеттенүү мөөнөтүндө Кардарга бир нече өздүк эсеп ачылышы мүмкүн.

**2. Оператордун укуктары, милдеттери жана жоопкерчилиги**

**2.1. <u>Кардарга карата Оператор төмөндөгүлөргө милдеттүү:</u>**

2.1.1. Кардарга убактылуу колдонуу үчүн бир же бир нече абоненттик номер берүүгө;

2.1.2. Кардар тарабынан Оператордун тармагынын чегинде берилген телефон сүйлөшүүлөрдүн жана билдирүүлөрдүн купуялуулугун сактоого, ошондой эле жеке мүнөздөгү маалыматтары жана Кардардан же Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык укугу болгон жактан тышкарkы башка адамдарга көрсөтүлгөн кызматтар тууралуу маалыматтарды ачыкка чыгарбоого;

2.1.3. Кардардын талабы боюнча Оператор тарабынан көрсөтүлүп жаткан Кызматтар тууралуу анык маалыматтарды берүүгө;

2.1.4. эгерде Кардардын кайрылуусун аткаруу үчүн жазуу жүзүндө жооп берүү же кайрылууну техникалык жактан аткаруу үчүн кошумча убакыт талап кылынбаса, кызматтардын тизмесин же көлөмүн өзгөртүү жөнүндө Кардардын жазуу жүзүндөгү кайрылуусун беш жумуш күнүнө чейинки мөөнөттө аткарууга;

2.1.5. Келишимдин 3.2.5-пунктуна ылайык Кардар тарабынан аныкталган өлчөмдө ар бир абоненттик номерге ай сайын лимит коюу жана Кардардын ар бир абоненттик номерине өздүк эсеп ыйгарууга; Кардар тарабынан бөлүнгөн лимит чыгымдалган учурда, байланыш кызматы үчүн акы төлөө өздүк эсептен алдын ала төлөнгөн эсептешүү ыкмасы боюнча жүргүзүлөт. Колдонуучунун өздүк эсебиндеги акча каражаттарын Колдонуучу гана тескөөгө укуктуу;

2.2. **Оператор төмөндөгүлөргө укуктуу:**

2.2.1. айрым учурларда, техникалык себептерден улам, Кардар өчүрүү чегине жеткенде Кардарга кызмат көрсөтүүнү токтотпоого; эгерде интернет-колдонмолор тарабынан чалуулардын, билдирүүлөрдүн маршруттоосун бузуу фактылары аныкталса, Оператордун байланыш тармактарында интернет-колдонмолордун иштөөсүн (интернет-колдонмолорго кирүү мүмкүнчүлүгүн) бөгөттөөгө, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда, кызмат көрсөтүүлөрдү токтото турууга жана/же чектөөгө;

2.2.2. кызматтар тизмегин өзгөртүү, арызданууга жана маалымат алуу максатында Кардардын/ Колдонуучунун Операторго кайрылууларын жаздырууга;

2.2.3. цензуралык эмес лексиканы же адистердин дарегине одоно сөздөрдү колдонгон учурда Кардарга/Колдонуучуга Оператордун маалымат-билүү кызматына чалууга чектөө коюуга;

2.2.4. ушул Келишимдин, тарифтик пландардын, топтомдордун жана тарифтик опциялардын шарттарын кошумчалоого/өзгөртүүгө, акы төлөнүүчү айрым кызматтарды көрсөтүүнү бир тараптуу токтотууга, жазуу жүзүндө билдирүү жөнөтүү, жалпыга маалымдоо каражаттары, Операторун расмий сайты, же болбосо SMS-билдирүүлөрдү жөнөтүү, же башка ыкмалар аркылуу тиешелүү өзгөрүүлөр ишке киргизилгенге чейинки 10 календардык күнгө чейин Кардарга бул тууралуу билдирүүгө; эгерде өзгөртүүлөр күчүнө киргенден кийин Кардар байланыш кызматтарынан пайдаланууну уланта берсе, өзгөртүүлөр Кардар тарабынан кабыл алынган болуп саналат.

2.2.5. тандап алган тарифтик планын колдонуу менен Колдонуучу башка Колдонуучуларга, Операторго жана/же үчүнчү жактарга материалдык зыян/залал келтирген учурда, байланыш кызматтарын көрсөтүүнү токтотуп, же Кардардын тарифтик планын Оператордун каалоосуна жараша башка тарифтик планга алмаштырып берүүгө;

2.2.6. өз каалоосуна жараша атайын шарттарды колдонууну токтотууга чейин 10 жумушчу күн мурда Кардарга жазуу жүзүндө маалымдагандан кийин атайын жеңилдетилген шарттарда (акциялар, арзандатуулар ж.б.) көрсөтүлүүчү кызматтарды көрсөтүүнү токтотууга жана тарифтик пландын шарттарына ылайык кызматтардын стандарттык тарифтөөсүн колдонууга;

2.2.7. тейлөөнүн корпоративдик формасында абоненттик номерлердин белгиленген саны Кардар тарабынан азайганда өзгөртүүлөр киргизилгенге чейин 10 календардык күн мурда билдирүү жөнөтүп, Кардарды тейлөө формасын корпоративдик тейлөө формасынан жеке тейлөө формасына алмаштырууга. Тейлөө формасын алмаштырган учурда Кардар тиешелүү тейлөө формасы үчүн каралган башка тарифтик планды тандоого милдеттүү. Белгиленген мөөнөттүн ичинде Кардар башка тарифтик планды тандабаса, Оператор өз каалоосуна жараша тарифтик планды кошот.

**2.3. Оператор төмөндөгүлөр үчүн жооптуу:**

2.3.1. ушул Келишимдин шарттарын тиешелүү деңгээлде аткарбагандыгы үчүн;

2.3.2. байланыш кызматтарын көрсөтүүдөгү келишимдин олуттуу (кыйла) бузуунун натыйжасында пайда болгон Оператордун жоопкерчилиги Оператордун күнөөсү аныкталган учурда пайда болот жана кызматтар көрсөтүлбөгөн убакытка жараша айлык абоненттик төлөмдүн же башка милдеттүү түрдөгү айлык төлөмдүн суммасынан ашпоосу керек. Кардарга кызмат көрсөтүлбөй калган факты кагаз жүзүндө тастыкталган болушу керек.

**<u>2.4. Оператор төмөндөгүлөр үчүн жоопкерчилик тартпайт:</u>**

2.4.1. эгерде Оператор билдирүүлөрдүн автору болуп саналбаса, Оператордун тармагы аркылуу берилген телефон сүйлөшүүлөрдүн жана билдирүүлөрдүн мазмуну үчүн, ошондой эле ушул билдирүүлөр аркылуу келтирилген зыян үчүн;

2.4.2. Оператордун тармагы аркылуу үчүнчү жак тарабынан көрсөтүлгөн кызматтар жана/же бул кызматтардын наркын төлөө үчүн;

2.4.3. Кардардын паролунун, өздүк эсебинин жана башка маалым даректеринин Оператор менен техникалык жана башка өз ара мамилелерде үчүнчү жактар тарабынан уруксатсыз пайдаланылгандыгы үчүн;

2.4.4. Оператордун байланыш тармагында пландагы/авариялык жумуштарды жүргүзүү учурунда, жана да форс-мажордук жана Оператордон көз карандысыз болгон башка учурларда Кардар тарабынан кызматтарды жарым-жартылай пайдалануудан же пайдаланууга мүмкүн эмес болгондугунан келип чыккан чыгымдар жана башка жагдайлар үчүн;

2.4.5. колдонуучунун-кабыл алуучунун түзмөгү активдештирилбеген болсо, оператордун байланыш тармагынын иш-аракет аймагынан тышкары болсо же

түзмөк мындай билдирүүнү кабыл алууга жөндөмсүз болсо, SMS-билдирүүлөрдүн жеткирилбегендиги үчүн; бузулган, белгиленген талаптарга жооп бербеген терминалдык жабдууну, же болбосо өндүрүүчү жана оператор менен макулдашуусуз өзгөртүлгөн же модификацияланган, же орнотуулары Оператор сунуш кылган орнотууларга жооп бербеген акыркы жабдууларды же колдонмо программалык камсыздоонун Колдонуучу тарабынан пайдаланылгандыгынан улам келип чыккан байланыш кызматтарындагы кемчиликтер (автосигнализациялар, башка акылдуу түзмөктөр, билдиргичтер ж.б.) үчүн;

**3. Кардардын укуктары, милдеттери жана жоопкерчиликтери**

**3.1. <u>Кардар милдеттүү:</u>**

3.1.1. Оператордун каттоо системасында Колдонуучуга абоненттик номерди каттоону жана жекелештирүүнү камсыз кылууга;

3.1.2. Белгиленген тартипте катталган абоненттик номер (анын ичинде SIM-карта каралбаган абоненттик түзмөктө орнотулган) Колдонуучу тарабынан үчүнчү жакка берилген учурда, абоненттик номер берилген күндөн тартып 10 күндүн ичинде Оператордун каттоо тутумунда корпоративдик топтун башка колдонуучусуна абоненттик номерди кайра каттоону көзөмөлдөөнү камсыз кылууга;

3.1.3. Келишим түзүү үчүн, Операторго анык маалыматтарды берүүгө;

өзү тууралуу Келишимде көрсөтүлгөн маалыматтар өзгөргөн учурда, 10 жумуш күнүнүн ичинде жазуу жүзүндөгү билдирүү жөнөтүү аркылуу жаңы маалыматтарды Операторго берүүгө;

3.1.4. Келишимде көрсөтүлгөн убакыттын ичинде жана/ же тандалган тарифтик пландын шарттарына ылайык Оператордун кызматтары үчүн өз убагында төлөм жүргүзүп турууга;

3.1.5. өзү жөнүндө, ошондой эле Колдонуучулар жөнүндө Келишимде көрсөтүлгөн маалыматтар өзгөргөн учурда, Операторго жазуу жүзүндөгү билдирүү жөнөтүү жолу менен жаңы маалыматтарды токтоосуз берүүгө;

3.1.6. байланыш кызматтарынан колдонууда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына шайкеш келген терминалдык жабдууну колдонууга, жана да Колдонуучулардын аталган эрежелерди сактоосун камсыз кылууга;

3.1.7. кардар SIM-картаны пайдаланууга берген Колдонуучунун аты-жөнү, анын инсандыгын тастыктоочу документтин маалыматтары, ошондой эле абоненттик номер жана SIM-картанын номери камтылган маалыматтар базасын (Колдонуучулар тууралуу) жүргүзүүгө жана Колдонуучуга SIM-картаны берген учурдан тарта 10 календардык күндүн ичинде жазуу жүзүндө билдирүү жөнөтүү жолу менен, Операторго Колдонуучу жөнүндө маалыматтарды (аты-жөнү, абоненттик номери жана SIM -картанын номери) берүүгө;

3.1.8. байланыш кызматтарын түрдүү утуш оюндарын, добуш берүү, конкурстарды, викториналарды, жарнамаларды, сурамжылоолорду өткөрүү, массалык чалууларды аткаруу жана билдирүүлөрдү жөнөтүү, үгүт мүнөзүндөгү билдирүүлөрдү жөнөтүү, катталган байланыш тармагына жана интернет-телефонияга жетки алуу үчүн шлюздарды орнотуу жана чалуулардын багытын же телефондук туташуулардын эрежесин өзгөртүүгө багытталган, же байланыш түзмөктөрүнө жана жабдууларына иштөөсүнө зыян келтире турган, Келишимде каралбаган иш-аракеттерди ишке ашыруу үчүн колдонбоого, Оператордун жазуу жүзүндөгү макулдугусуз, алдамчылык аракеттерди жасабоого жана байланыш тармагына уруксатсыз кирүүгө, ошондой эле байланыш тармагына жетки алууга, оператордун тармагына жетки алуу мүмкүнчүлүгүн пайдаланууга багытталган аракеттерди, жана да Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралбаган башка аракеттерди жасабоого, эгерде Оператор Кардар/Колдонуучу тарабынан бул талаптарды бузуу фактыларын аныктаса, Оператор тыюу салынган иш-аракеттер аткарылган номерди, талаптарды бузуулар четтетилгенге чейин, токтоосуз түрдө бөгөттөөгө укуктуу;

3.1.9. SIM-картаны мыйзамсыз же кылмыштуу жол менен пайдалануунун алдын алуу боюнча бардык чараларды көрүүгө жана SIM-картадагы идентификациялык техникалык маалыматтарды көчүрүп алуу жана колдонуудан чыккан карталарды активдештирүү аракеттерин көрбөөгө; Ошондой эле терминалдык жабдууңуздада тиешелүү программалык камсыздоону, анын ичинде вируска каршы программаларды орнотуу жолу менен терминалдык жабдууңузду вирустардан, операциялык системага жана программалык камсыздоого зыян келтире турган башка нерселерден коргоо чараларын көрүүгө. Оператордун кызматтарынын айрым түрлөрүн колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу үчүн, Кардар/Колдонуучу терминалдык жабдууда Оператордун сунуштарына жана терминалдык жабдуунунун колдонуучу нускамасына ылайык программалык камсыздоонун жана/же орнотуулардын болушун камсыздоого милдеттенет.

3.1.10. байланыш кызматын укукка каршы максаттарда, жана да Операторго жана/же үчүнчү жактарга зыян келтире турган аракеттерди жасоо үчүн пайдаланбоого;

3.1.11. SIM-картаны жоготуп алгандыгына, уурдатып жибергенгендигине же башка өлкөлөргө чыгып кеткендигине байланыштуу жана башка учурларда Кардар/Колдонуучу SIM-картаны колдонууну токтотсо, ал бул тууралуу Операторго абоненттик номерди тейлөөнү токтотуу жөнүндө кат жүзүндөгү арыз аркылуу же оозеки билдирүүгө милдеттүү. Жашырын сөздү айткандан кийин, Оператор 24 сааттын ичинде SIM-картанын иштөөсүнө бөгөт коет. Мында Оператор тиешелүү арызды/кайрылууну алганга чейин көрсөтүлгөн кызматтардын акысын төлөөнү, ошондой эле, өз убагында билдирбегендитен келип чыккан бардык чыгымдарды Кардар өз мойнуна алат. Кардардын жазуу жүзүндөгү арызынын негизинде Оператор SIM-картаны кайрадан калыбына келтирет.

3.1.12. Ушул Келишимдин алкагында колдонуу үчүн алган абоненттик номерлерди ак ниет пайдаланууга, ошону менен катар эле SIM-карталарды калыбына келтирүүдө аларды чыныгы колдонуучусуна берүүгө.

3.1.13. Ушул Келишимдин алкагында бөлүнгөн абоненттик номерлерди байланыш кызматтарын колдонуу үчүн гана пайдаланууга жана абоненттик номерлерди/байланыш кызматтарын (кошумча кызматтарды кошкондо) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын жана/же кызмат көрсөтүү/келишимдин шарттарын бузуу менен колдонбоого;

**3.2. <u>Кардардын укуктары</u>:**

3.2.1. Оператор кызмат көрсөтүүдөн баш тарткан жана Келишимде белгиленген милдеттерди талапка ылайык аткарбаган учурларда 3 айдын ичинде негиздүү доо талаптарын кое алат. Байланыштын сапатына байланыштуу келип чыккан доо талаптар ошол замат билдирилүүсү керек. Доо талаптарды карап чыгуу мөөнөтү 30 календардык күндү түзөт. Кызматтарды көрсөтүү үчүн же алардын төлөмү үчүн Оператор тарабынан үчүнчү жактар тартылган учурда доо талапты карап чыгуу мөөнөтү узартылат. Келтирилген чыгымды калыбына келтирүүгө байланыштуу келип чыккан доо арыздарга келтирилген чыгым тууралуу толук маалымат жана келтирилген чыгымдын өлчөмү так көрсөтүлгөн документ тиркелиши керек;

3.2.2. кошулган байланыш кызматтарынын көлөмүн же тизмегин төмөндөгүдөй жолдор менен өзгөртө алат (анын ичинде тарифтик план, тарифтик опциялар, топтом, кошумча кызматтар):

А) кошулган кызматтардын тизмесин жана көлөмүн өзгөртүү зарыл болгон абоненттик номер колдонулуучу мобилдик түзмөктө тиешелүү буйрууларды терүү;

Б) Оператордун дарегине арыз жөнөтүү:

- кагаз жүзүндө почта аркылуу тапшырык кат менен же

______________________________ номеринен факс аркылуу;

- электрондук формада ____________________________________________________

Кардардын _______________________________________________________ электрондук дарегинен (Кардар же ал ыйгарым укук берген адам кол койгон арыздын сканерден өткөрүлгөн көчүрмөсү); Арызда кардар же ал ыйгарым укук берген жак пайдаланылып жаткан тарифтик планды өзгөртүү жана/же керектелип жаткан Кызматтардын топтомун/тизмесин, ошондой эле Кардардын/Колдонуучунун өздүк эсебинин номерин жана абоненттик номерин өзгөртүү жана/же керектелүүчү кызматтардын топтомун/тизмесин кошуу өтүнүчүн көрсөтүүгө тийиш.

Оператор жогоруда көрсөтүлгөн факс номеринен же электрондук дарегинен жөнөтүлгөн жана Кардар же ал ыйгарым укук берген адам тарабынан жөнөтүлгөн арыздарды гана аткарууга кабыл алат.

Кардар жогорудагы байланыштардан келген документтердин сканерленген көчүрмөлөрү тиркелген бардык билдирүүлөр Кардар тарабынан уруксат берилген жана Кардардын эркин билдирүүсү катары карала тургандыгын тастыктайт. Кардар жогоруда көрсөтүлгөн электрондук даректин жана факстын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча бардык иш-аракеттерди өз алдынча жүргүзөт.

Эгерде электрондук дарек жана/же факс бул келишимде көрсөтүлбөсө, кардар Операторго кайрылуунун түп нускасын кагаз жүзүндө жөнөтүү жолу менен, кошулган байланыш кызматтарынын тизмесин жана көлөмүн (анын ичинде тарифтик план, тарифтик опциялар, кошумча кызматтар) өзгөртүүгө укуктуу.

3.2.3. жазуу жүзүндөгү арыз жана Оператор тарабынан белгиленген башка жолдор менен тармак ичинде жайылтылып жаткан жарнамаларды алуудан баш тарта алат. Оператор жана анын кызматтары тууралуу маалыматтар жарнамага кирбейт. Келишимге кол коюу менен жарнамаларды алып турууга макулдугун билдирет;

3.2.4. жазуу жүзүндө арыз берүү менен абоненттик номерин башка бош номерге алмаштырып жана/же кошумча абоненттик номерлерди ала алат.

3.2.5. Колдонуучулардын байланыш кызматтарын төлөөсү үчүн бөлүнүүчү акча каражаттарынын лимитин белгилөөгө/өзгөртүүгө. Кардар __________________ эл. почтасынан Оператордун ___________________________ электрондук почтасына белгиленген лимитти көрсөтүү менен, лимиттерди жана/же абоненттик номерлерди киргизүүгө/өзгөртүүгө чейин 30 күндөн кечиктирбей абоненттик номерлердин тизмесин жөнөтөт.

3.2.6. Колдонуучуга абоненттик номери менен (эсептешүүнүн алдын ала төлөнүүчү ыкмасы менен) бирге өздүк эсепти пайдалануу укугун берүү, бул тууралуу Кардар Операторго мындай укуктар берилгенге чейин, 2 жумуш күнүнөн кечиктирбестен, жазуу жүзүндө маалымдайт. Андан кийин Колдонуучу байланыш кызматтарына жана башка кызматтарга төлөө үчүн өздүк эсепке аванстык акча каражаттарын өз алдынча салууга милдеттенет. Колдонуу укугу Колдонуучуга өткөрүлүп берилген өздүк эсептеги акча каражаттарын тескөөгө, ошондой эле 2.1.5-п. ылайык, мындай абоненттик номерлерде жана өздүк эсептерде лимиттерди белгилөөгө Кардардын укугу жок.

3.2.7. Колдонуучудан өздүк эсепти пайдалануу укугун кайтарып алууга укуктуу, бул тууралуу Кардар Операторго мындай укукту кайра алган күнгө чейин 10 календардык күндөн кем эмес мөөнөттүн ичинде жазуу жүзүндө, Колдонуучуга маалымдалгандыгы жөнүндө документтик тастыктоону тиркөө менен маалымдайт. Оператор Колдонуучуга чалуу аткаруу жолу менен Кардар тарабынан Колдонуучуга маалымдалгандыгын тастыктоого укуктуу.

**3.3. <u>Кардар төмөндөгүлөр үчүн жооптуу:</u>**

3.3.1. Кардар мобилдик жабдууну туура эмес пайдалангандыгы, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына шайкеш келбеген, тастыкталбаган, өндүрүүчү жана Оператор тарабынан макулдашылбаган мобилдик (терминалдык) жабдууну пайдалангандыгы үчүн жана ага Оператордун тармагынын жана башка электр байланыш тармактарынын иш жөндөмдүүлүгүн бузууга таасирин тийгизген башка жабдууларды кошкондугу үчүн;

3.3.2. ушул Келишимдин шарттарын талапка ылайык аткарбагандыгы үчүн;

3.3.3. Кардардын/Колдонуучунун мобилдик (терминалдык) жабдуусунан жана SIM-картасынан, ошондой эле Интернет кызматтары аркылуу аралыктагы жеткинин жардамы менен Оператордун жана үчүнчү жактардын даректерине жөнөтүлгөн бардык кайрылуулар үчүн;

3.3.4. SIM-картаны бир колдонуучудан экинчисине өткөрүп берген учурда корпоративдик кардардын колдонуучуларын кайрадан каттоо жоопкерчилиги корпоративдик кардарга жүктөлөт.

3.3.5. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка шарттарда.

3.4. Кардар төмөндөгүлөргө макул:

3.4.1. үчүнчү жактар тарабынан көрсөтүлүүчү байланыш кызматтарын (анын ичинде контент кызматтары жана роуминг кызматтары) колдонуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу.

3.4.2. Оператордун байланыш, маалымдоо, сурап-билүү кызматтарын жана башка кошумча кызматтарды көрсөтүүсү, көрсөтүлгөн кызматтар үчүн эсептешүүлөрдү жүргүзүүсү, Кардардын керектөөлөрүн / кызыкчылыктарын аныктоо жана болжолдоо, Оператордун жана үчүнчү жактардын жеке сунуштарын, арзандатууларын, акцияларын, маалыматтык билдирүүлөрүн, маркетинг кызматтарын Оператор тарабынан аныкталган жолдор менен Кардарга маалымдоо максатында жана жогоруда көрсөтүлгөн максаттарга жетүү үчүн зарыл болгон жеке маалыматтарга карата ар кандай иш-аракеттерди аткаруу үчүн Келишимдин аракет мөөнөтүнүн ичинде Операторго белгилүү жана жеткиликтүү болгон өз жеке маалыматтарын топтоого, иштеп чыгууга, систематизациялоого, сактоого, жаңылоого, өзгөртүүгө;

3.4.3. эгерде бул Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбесе, Келишимдин Оператор тарабынан ыкчам аткаруу максатында электрондук байланыш каналдары (Интернет) аркылуу үчүнчү жактарга / үчүнчү жактар

тарабынан өткөрүп берүүгө (анын ичинде трансчегаралык), автоматташтырылган каражаттарды колдонуу менен / колдонбостон жеке маалыматтарды менчиктештирүүгө, бөгөттөөгө, жок кылууга, үчүнчү жактар тарабынан көрсөтүлгөн байланыш кызматтарына (анын ичинде контенттик кызматтарга, роуминг кызматтарына) жетки алууга жана карызды төлөө боюнча маселелерди чечүүгө байланыштуу, карыз Кардардын милдеттенмелеринин аткарылышы жөнүндө маалыматты түзүү, иштеп чыгуу, сактоо жана берүү үчүн Кардар жөнүндө маалыматты үчүнчү жактарга берүүгө;

Ушуну менен Кардар бөлүмдө каралган бардык макулдуктардын жарактуулук мөөнөтү Келишим түзүлгөн күндөн тартып баштала тургандыгы жана ал бузулган күндөн тартып 3 жыл бою күчүндө боло тургандыгы менен тааныш. Кардар Операторго жазуу жүзүндө арыз берүү менен каалаган макулдугун жокко чыгарууга укуктуу.

**4. Көрсөтүлгөн кызматтар үчүн төлөм жүргүзүү тартиби**

4.1. Кардар өзүнүн өздүк эсебин жана/же абоненттик номерин көрсөтүү менен байланыш кызматтары үчүн төлөмдү жүзөгө ашырат. Оператордун эсептешүү эсебине же кассасына тиешелүү сумма келип түшкөн күндөн тартып Кызматтар үчүн төлөм боюнча милдеттенме Кардар тарабынан аткарылган катары эсептелинет.

4.2. Төлөм Кардар тандаган төлөм ыкмасы үчүн белгиленген тартипте жүргүзүлөт: "Насыялык" же "Алдын ала төлөм".

**4.3. Алдын ала (аванстык) төлөм жүргүзүү ыкмасы:**

4.3.1. Оператор SIM-картаны кошуу үчүн Кардар тарабынан тандалып алынган кызматтардын тизмегине жана көлөмүнө жараша алдын-ала жана башка төлөмдөр түрүндөгү каражат Оператордун өздүк эсебине келип түшкөнгө чейин Кардарга кызмат көрсөтпөйт. Кызмат көрсөтүүлөр (алдын-ала төлөнүүчү роуминг кызматы боюнча дагы) SIM-карта активдештирилип жана Оператордун эсебине оң балансты калыптандыруучу жогоруда аталган каражаттар келип түшкөндөн тарта тарифтеле баштайт;

4.3.2. Кардар керектөөсүнө жараша кызматтарды төлөө үчүн кызматтарды алдын ала төлөөгө — аванстык төлөмдөрдү жүргүзүүгө милдеттүү. Өздүк эсепте каражат жетишсиз болгон учурда, өздүк эсепке ( оң калдыкты түзгөн) каражат түшкөнгө чейин Оператор Келишим боюнча көрсөтүлүүчү кызматтарды көрсөтүүнү токтото турууга укуктуу;

4.3.3. өчүү чегине жеткенден кийин Оператор тарабынан көрсөтүлгөн жана Кардар тарабынан пайдаланылган кызматтар үчүн каражат Кардардан алынат. Кардардын балансында карыз бар болгон учурда аванстык төлөмдөр биринчиден Кардардын өздүк эсебиндеги карыздарды жабуу үчүн пайдаланылат, карыз жабылган соң аванстык төлөмдүн калган бөлүгү оң калдыкты түзөт;

4.3.4. Келишим жокко чыгарылып жаткан учурда, Абоненттин өздүк эсебинде оң баланс болсо, Кардарга ашыкча каражаттары кайтарылып берилет. Бул учурда Оператордун салыктар жана жыйымдар түрүндөгү, башка контрагенттер менен эсептешүүлөрү боюнча тарткан чыгымдарын эсептелет жана кармалып алынат. Абоненттин арызы катталгандан кийин 15 күн аралыгында Кардарга акча каражаты кайтарылып берилет. Эгерде Кардар эл аралык роуминг кызматы менен пайдаланган болсо, Кардар менен жыйынтыктоочу эсептешүү мөөнөтү 90 календардык күнгө чейин узартылышы мүмкүн. Оператордун кызматтарынан пайдалангандыгы үчүн өздүк эсепке чегерилген каражаттар Оператор тарабынан кайтарылып берилбейт;

**4.4. Насыялык төлөм жүргүзүү ыкмасы:**

4.4.1. тейлөөнүн насыялык формасында Оператордун кызматтары үчүн төлөм жүргүзүү, отчеттук айдан кийинки айдын ар бир 10-күнү Кардардын дарегине жөнөтүлгөн төлөм эсеби боюнча ар айдын 19-күнүнөн кечиктирилбестен, Кардар тарабынан жүзөгө ашырылат. Кардар Операторго Кардар эсеп-фактураларды алуудан баш тарткан өздүк эсептерди көрсөтүү менен тиешелүү арызды берүү менен эсеп-фактураны алуудан баш тартууга укуктуу;

4.4.2. Оператордун талабы боюнча Кардар ар бир абоненттик номер үчүн Оператор тарабынан белгиленген өлчөмдөгү акча каражаттарын Оператордун кассасына төлөө аркылуу ушул Келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткарып, зарыл болгон учурда милдеттенмелерин аткарууну камсыз кылуу суммасын жогорулатуу үчүн кошумча сумманы төлөйт. Андай болбогон учурда Оператор Кардарга насыяга көрсөтүлүүчү кызматтардын көлөмүн чектей алат;

4.4.3. камсыз кылуу суммасы болгон учурда Кардарга билдирбестен, каалаган учурда камсыз кылуу суммасын Кардардын төлөнбөгөн карызын жоюу үчүн жумшай алат;

4.4.4. Келишимдин 4.4.1. пунктунда көрсөтүлгөн төлөм мөөнөттөрү бузулган учурда, Оператордун кызматтары үчүн төлөм жүргүзүү мөөнөтүнөн өткөрүлүп жиберилген ар бир күн үчүн Оператор Кардардан 0,5 пайыз өлчөмүндө туум талап кылууга укуктуу;

4.5. Кардардын бир нече өздүк эсеби жана келишим боюнча эсептешүү ыкмасынан/формасынан көз карандысыз байланыш кызматтарын көрсөтүү боюнча келишимдери болгон учурда, Кардарга таандык болгон бир эсебиндеги каражатты башка эсептеги карызын жабуу үчүн пайдаланууга, Кардардын акча каражаттарын бир эсебинен экинчи эсебине которууга, келишимдердин бири боюнча Кардардан келип түшкөн төлөмдү Кардардын башка келишими боюнча пайда болгон карызын жоюу үчүн жумшоого укуктуу;

4.6. роумингдик өз ара эсептешүүнүн өзгөчөлүгүнө байланыштуу, Кардардын роумингди пайдалануу учурунда сарпталган акча каражаттары, Оператор тарабынан кызмат түздөн-түз көрсөтүлгөндөн кийин белгилүү бир убакыт өткөн соң балансτан алынып коюлушу мүмкүн;

4.7. Кардар Оператордун камтуу аймагынан тышкары болгон учурда, абоненттик төлөмдү тиешелүү тарифтик план, тарифтик опция же кошумча кызматтардын шарттарына шайкеш жүргүзөт.

4.8. Ушул Келишим боюнча Кардарга көрсөтүлгөн байланыш кызматтарынын көлөмү Оператордун автоматташтырылган эсептешүү системасынын маалыматтарына ылайык аныкталат.

**5. Байланыш кызматтарынын сапаты**

5.1. Кардарга көрсөтүлгөн (сунуш кылынган) байланыш кызматтарынын сапаты төмөнкү жагдайларда начарлашы, үзгүлтүккө учурашы же тоскоолдуктарга дуушар болушу мүмкүн:

5.1.1. имараттардын, туннелдердин, жер төлө же башка жер алдындагы курулмалардын жанында же ичинде радио толкундардын табигый таралышынын натыйжасында, рельефтин жана курулмалардын локалдык өзгөчөлүгүнөн, метрологиялык шарттардан жана башкалардан улам;

5.1.2. радиотелефондук байланыш көчмө радиотелефондук байланыш операторлорунун радио сигнал жыштыктарынын Оператордун уюлдук байланыш жыштыктарына айкалышынын негизинде;

5.1.3. Операторго көз карандысыз себептер жана жагдайлар боюнча электротехникалык жабдууларден жана радиоэлектрондук каражаттардан улам келип чыккан радио тоскоолдуктарга дуушар болуудан;

5.2. Номерде алдын ала төлөнүүчү роуминг кызматы кошулган учурда, чек арага жакын болгон аймактарда Кардардын/Колдонуучунун терминалдык (мобилдик) жабдуусу чет өлкөлүк оператордун тармагында катталып, чалуулар роумингде аткарылгандай болуп тарифтелиши мүмкүн.

5.3. Байланыш кызматтарын көрсөтүүдө, Оператордун жоопкерчилигине тийиштүү болгон кемчиликтер келип чыккан/белгилүү болгон учурдан тарта 3 календардык күндүн ичинде Оператор тарабынан жоюлат.

**6. Корутунду жоболор**

6.1 Ушул Келишим ага кол койгон учурдан тартып күчүнө кирет жана аны белгиленген тартипте бузууга чейин аракетте болот.

6.2. Келишим 20_____жылдын______________чейинки мөөнөткө түзүлөт, эгерде ай/күнү так көрсөтүлбөсө, келишим аныкталбаган мөөнөткө түзүлгөн.

6.3. Оператор кат жүзүндөгү маалымдоо же SMS-билдирүү жөнөтүү аркылуу төмөнкү учурларда байланыш кызматтарын көрсөтүүнү токтотушу мүмкүн:

- Келишимдин 3.1.9-пунктуна ылайык Кардар оозеки кайрылса, же жазуу жүзүндөгү арыз жөнөтсө;
- Келишимде же Кардар тандаган тарифтик планда, топтомдо, тарифтик опцияда каралган төлөм аткаруу мөөнөттөрү бузулганда же Абонент өчүү чегине жеткен учурда;
- Кардар тарабынан Келишимдин шарттары бузулган учурда;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында көрсөтүлгөн башка учурларда.

**6.4. Келишимди бузуу**

6.4.1. Кардар кат жүзүндө кайрылып, Оператор менен толук эсептешүү жүргүзгөндөн кийин Келишимди аткаруудан баш тарта алат.

6.4.2. эгерде Келишимдин алкагында бир өздүк эсеп ачылган болсо, Келишим төмөндөгү учурларда бузулган деп эсептелинет:

6.4.2.1. насыялык төлөм жүргүзүү ыкмасында:

- эгерде Кардарга байланыш кызматтарын көрсөтүү токтотулса жана ал 90 күндүн аралыгында төлөм боюнча өз милдеттерин аткарбаса.

6.4.2.2. алдын-ала (аванстык) төлөм жүргүзүү ыкмасында:

- байланыш кызматынан колдонуу токтотулгандан кийин 180 күндүн ичинде Кардардын өздүк эсебине оң баланс суммасына чейин акча каражаттын түшпөгөндүгү;

- Кардардын 180 календардык күн ичинде байланыш кызматтарынан пайдаланбагандыгы.

6.4.3. Кардар/ Колдонуучу байланыш кызматтарынан 180 календардык күндүн ичинде пайдаланбаган учурда же же 90 календардык күндөн ашык мөөнөткө төлөнбөгөн карыз болсо, Кардардын абоненттик номерлери Оператор тарабынан алынып коюлат.

6.4.4. Эгерде Келишимдин алкагында бир нече өздүк эсеп ачылган болсо, Кардардын ушул Келишимдин 6.4.2.пунктунда көрсөтүлгөн иш-аракети, мындай өздүк эсеп (абоненттик номер) боюнча Келишимди аткаруудан баш тартуу болуп эсептелет.

6.4.5. Келишим жокко чыгарылган учурда, Абоненттин өздүк эсебинде оң баланс болгон учурда, Оператордун салыктар жана жыйымдар түрүндөгү, контрагенттер менен эсептешүүлөрү боюнча тарткан чыгымдарын кармап калуу менен Оператор Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган мөөнөттө жана тартипте Абонентке акча каражаттарын кайтарып берет. Оператордун кызматтарынан пайдалангандыгы үчүн же Абоненттик номерден кыянаттык менен пайдалануунун негизинде (банктык операцияларга мүнөздүү операцияларды аткаруунун эсебинен оң баланс топтолгон учурда) өздүк эсепке чегерилген каражаттар Оператор тарабынан кайтарылып берилбейт.

6.5. Ушул Келишим боюнча келип чыккан талаш маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына шайкеш каралат.

6.6. Ушул Келишим эки түпнускада - ар бир тарап үчүн бирден нускада түзүлгөн.

6.7. Кардар ушул Келишимге кол коюу менен, кол коюлган Келишимдин электрондук версиясы – Оператордун нускасы Келишимдин кагаз түрүндөгү түпнускасы менен бирдей экендигине макулдугун билдирет.

6.8. Ушул Келишимге карата түзүлгөн тиркемелер ушул Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

**Тараптардын маалым даректери жана кол тамгалары:**

**ОПЕРАТОР:** юр.дареги: Бишкек ш., Сүйүмбаев көчөсү 123; почта дареги: Бишкек ш., Сүйүмбаев көчөсү 123,

Эсеп-кысап/э 1091820182530113 "Оптима Банк"ААК, БИК 109018 Бишкек ш. Киев көчөсү 104/1

Башкы директор Э.Т. Субакожоев

КР МБАнын лицензиялары: №14-1133-КР, №18-0326-КР, №18-0303-КР, №15-1446-КР, №16-0090-КР, №18-0261-КР

**Кардар:** ____________________________________________________

**Юр. дареги, тел.:**_____________________________________________

______________________________________________________________

**Иш жүзүндөгү дареги, тел.:**______________________________________

______________________________________________________________

**Банктын маалым даректери:**

**Банк**:_____________________________________________

**Банктын дареги**____________________________**БИК**________________

**э/э**___________________________, **СИН (ИНН)**______________________

**ОКПО**___________**МСИ(ГНИ)коду**______________________________

Жетекчинин аты-жөнү, кызмат орду: _______________________________

| **ОПЕРАТОР:** | **КАРДАР:** |
|---|---|
| ___________________ (колу) | ___________________ (колу) |
| ________________________ | ________________________ |
| М.О. (аты-жөнү) | М.О. (аты-жөнү) |